• Көрүүчүнүн пикири

# «КАМЧЫБЕК» КАТУУ ТААСИР КАЛТЫРДЫ

Оштогу Бабыр атындагы өзбек музыкалуу драма театры өзүнүн 70 жылдык тарыхы менен түштүк жергесине гана эмес, Республиканын бүтүндөй аймагына жакшы таанымал экендиги баарыбызга белгилүү. Жыл өткөн сайын бул жамааттын чыгармачылык өрүшүндө чоң ийгиликтер жаралып келүүдө. Ал эми быйыл жетимишинчи сезонун жергиликтүү автор журналист Сурайчы Жетимишовдун Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата жазылган «Камчыбек» аттуу тарыхый-трагедиялуу драмасын даярдашып, өнөр секисине зор эргүү менен алып чыгышты. Касиеттүү калаабыздын маарекесине арналган театр жамаатынын бул белеги көрүүчүлөр арасында кош кубаныч катары белгиленди. Анын алгачкысы жаңы сезондун ачылышы болсо, экинчиси жаш драматургдун чыгармачылыгындагы алгачкы тушоо кесүүсү катары жамааттын ишенимине татып көрүүчүлөргө тартууланышы авторго ак жол каалаган тилек катары жүзүн ачты. Театрдын репертуары жаңы автордун чыгармасы менен толукталды.

Жаңы чыгарманын бет ачаарына катышып отуруп, театр жетекчилери менен жамааттын батыл аракетине жана жаш авторго болгон чоң ишенимине терең ыраазы болдук. Мындай тобокелдик кадамды таштап; чыгармачыл жамаатка жаш автордун чыгармасын сунуштоодо театрдын тажрыйбалуу жетекчиси, иш билги жана терең уюштуруучу Бактияр Токтоматовдун эмгеги мактоого арзырлык.

Ош тарыхын чагылдыр- айрым учурда жолуга калганда бул темада учкай да болсо ой бөлүшөбүз.

Анын «Камчыбек» аттуу тарыхый трагедиялуу драмасында XIX кылымдын этек чениндеги же болбосо 1893—1896-жылдардын аралыгындагы Кокон хандыгынын улуу орус империясы тарабынан басып алуу саясатынын ишке ашкан мезгили сүрөттөлөт.

Орус бийлиги бир эле Фергана өрөөнүндөгү чөл дүктөргө гана эмес, тээ алыскы тоодо жашаган көчмөндөрдүн турмушун тескен, чек коюу саясатын тартынбастан киргизди. Жергиликтүү элдин баскан-турганы көзөмөлдүккө алынды. Улуу империянын кыргыз жеринде бийлик жүргүзүүсүнө макулдук берүүгө аргасыз болгон өз мезгилинин деги чыгаан инсан Курманжан датка балдары менен бийликтин шилтенген камчысына айланды. Ал эми элдин энеси болгон айкөл энеге— «Кара кыргыз каникеси» деген наамдын берилиши, падышалык мамлекеттин өкүлчүлүгү тарабынан кургак алдоо жалган саясатынын бир көрүнүшү эле. Уламышка айланган бул окуя көркөм адабияттар, тарыхый маалыматтар аркылуу бүгүнкү күндө көпчүлүккө маалым. Ошондой болсо да каармандардын образын жаратуудагы айрым артисттердин ийгилиги жөнүндө сөз кылууну туура таптык.

Курманжан эне (ролунда Кыргыз Республикасынын эл артисти Айтажы Шабданова) орус бакылоочуларынын дарексиз жоголушун ойлоп, терең кыжаалат. Алардын кесепети элге тийген, кордогон терс кыялдарын аңдап туюшту деп ойлойм.

Бул маскаралыкка чыдабаган датканын уулу намысын бийик коюп, өлүмдөн кайра тарткан жок. Бийликке каршы чыкса да болмок. Бирок аз элдин урпактары кырылып кетүү коркунучунда эле... Аны касиеттүү эне да, бекзада да терең туюшуп, акылмандык менен тыянакка келишти. Элди аман алып калуунун бирден-бир жолу жалган болсо да күнөөнү моюнуна алуу зарыл эле. Ал ошол кездеги Ош шаарынын акими болуп турган Камчыбектин гана колунан келмек.

Камчыбек жерден түрмөгө олтурган тоолуктардын туугандарын куткарууга баш байлап, акыйкаттын курманы болууга кадам таштап олтурат. Элден чыккан мындай ак ниет эр жигиттин өлүмү орус падышачылыгынын өкүлдөрүн өкүн дүрбөйт. Кайра эл башчыларын ушинтип жазаласа, «эч нерсени билбеген» тоолуктар мамлекеттик бийликтен мындан да көбүрөөк сестенишип, кыңк этпей баш көтөрбөй кызмат кылаарына алар бөркүндөй ишенишкен.

Мындай драмалуу өлүм жазасын падыша өкүлдөрүнүн жеңиши катары эсептегени менен элдин жек көрүү сезимин курчутту. Душман алдында да тизе бүгүп жалынбоо, кайгыга буюгуп алдастабоону кара кыргыз каникеси Курманжан датка терең туюп, элге намыс-ара кетти душманы жок жерде. Мадыда өткөрүү сунушун айтып, элди аркасынан зар чите чыгып кетти.

Адил ишениминден терең

Оң тарыхын чагылдырган бул чыгарманы өзбекче летүү милдетин театрдын режиссеру Эркин Байназаров жүзөгө ашырган. Ал эми оюнду коюуга С. Ибраимов атындагы кыргыз драма театрынын башкы режиссеру Талант Апиев чакырылган. Себеби жаш режиссер республикадан тышкары чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн фестивалдарга даярдаган спектаклдери менен катышып, байгелүү орундарды жеңип алуу менен көрүүчүлөрдүн жана искусство чеберлеринин купулуна толгон. Мына бул эмгеги да түйшүктүү аракеттер менен жаралып, маңдай тер төккөн акыбети кайтып отурат. Чеберчилик менен иштелген спектакль көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырбады.

Жаш автордун чыгармачылык көрөңгөсү мол экендигине, драма жанрынын сырын кылдат өздөштүрүп жаткандыгына оюнду көрүп ынанып отурабыз. Спектаклдеги тарыхый тема ырааттуу өнүгүү менен каармандардын бейнелери кылдат чечилген. Чыгармадагы диалогдор сахнага ылайык жатык тил аркылуу айтылып, тарыхый мезгил таасын чагылдырылган. Драмадагы окуя далилдүү чечилип, артисттердин ийгиликтүү ойноосуна өбөлгө түзгөн.

Ата-бабалардан калган улуу каада-салт, адеп, ыйман тазалыгы, бийик адамгерчилик, ата конушту терең баалоо чыгарманын негизги мазмунун түзөт. Оюнду көрүп олтуруп, өзүмдүн окуучумдун чыгармачылыктагы эң татаал деп эсептелген драма жанрында көптөн бери изденип, түйшүк тартып келиши өтөлгөлүү жемишин бергендей. Мээнетинин акыбети көрүнө башташы катары мени кубандырды.

Дүйнөлүк классикадан баштап бүгүнкү күндөгү көркөм адабияттын бай дүйнөсү менен таанышкан чыгармачыл адам гана драма жанрынын татаал түйшүгүн түюна алат. Биз экөөбүз

... Алардын кесепети элге тийбесин деген таризде айылдагыларга табыштайт. Ал эми Акжол балбан (ролунда артист Зыядин Жалалов) бул окуяны билип турса да, билмексенге салып, Курманжандан жашырат. Себеби, Абдылдабектин айткан кеби, албаган өчү» анын дайыма тынчын алып келген.

Ошол учурда Камчыбек (ролунда М. Рыскулов атындагы эл аралык сыйлыктын ээси Бахрамжан Токтоматов) энесине келип, окуянын ачылышына шарт түзөт. Ал орус генерал-губернатору Павало Швейковский (ролунда Кыргыз жана Өзбек Республикаларынын маданиятына кызмат көрсөткөн артист Шавкат Дадажанов) менен теңтуш, ары көңүлдөрү жакын эле.

Бирок бул кырдаалдын күчөшүнүн жана кырсыктын келип чыгышынын себепкери Кара мерген (ролунда Кыргыз Республикасынын маданиятына кызмат көрсөткөн артист Махмут Рахматов) эле. Ал ичине таруу айланбаган көрө албас ушакчы болучу. Курманжандын жана анын балдарынын орустар менен тил табышып, мамиле кылып кетиши аны аябай кыжалаттыкка салып, көрө албастык сезимин ойготот. Эки ортого чагым салып, жалган маалыматтарды чек арадагы офицер Воробковго (ролунда артист Маматакунов Ахматжан) жеткирип, баалуу буюмдарды чек арадан өткөрүп жаткандыгы боюнча жалган маалыматтарды берет. Мындай маалыматтын түшүшүнө кубанган орус офицери Камчыбектин көчүн токтотуп, «сырдуу сандыктардын» кулпун ачууда Асел айымдын (ролдо жаш актриса Хаят Абдулаева) чачын кыркып алууга барат. Демек мындан «бөрк ал десе, баш алган» өзүн ээн жердин бөрүсү катары сезген улуу империянын өкүлдөрүнүн өктөмдүк ашкере жергиликтүү элди теңине албай, ата-бабалардан уланып келген каада-салтын тебелеп-тепсе

Адил ишенимден, терең урматтоодон ак падышанын бийлиги, кандуу өкүмү, жаңжалдуу чечим менен ажырап калгандыгынан улам баскынчылык саясатынын жүзү көпчүлүккө айкын көрүнгөндүгү театрдын чыгармачыл артисттеринин аракеттеринде терең чагылдырылып, көрүүчүлөрдү кайдыгер калтырган жок.

Башта ата-бабалардын өмүр жолу, учурундагы элге кылган жакшылыгы, ишмердүүлүгү оозго алынбай, басма сөзгө жарыялоого уруксат берилбей келген. Ал тургай мектеп окуучуларына алдын тарыхын үйрөтүүдө бурмаланып, окуу куралдарынын чыгарылышы көзөмөлдүккө алынган. Алымбек, Курманжан жана алардын балдары Абдылдабек, Камчыбектердин өмүр жолдору, элге кылган кызматтары көпчүлүккө белгисиз эле.

Бирок белгилеп кетүүчү жагдай — кыргыздын чыгаан бул инсандары жөнүндө Өзбек Республикасындагы айрым басылмаларда учкай айтыла калып жүргөнү менен терең изилдөө иштерине уруксат берилген эмес. Ата-бабаларыбыздын басып өткөн тарыхын өз ордуна коюп, чыгаан инсандарын жасап өткөн ишмердигине баа берүү бүгүнкү күндөгү эгемендүүлүктүн шарапаты, ачык айкын демократиянын берген эркиндиги.

Көрсө, байыркы бабалардан тартып эле эркиндик, эгемендүүлүк деп күрөшүп келген тура. Алардын максатына мына бүгүнкү урпактар эми жетип олтурушат. Ушул заман элибизге кут болсун! Манас бабабыздан тартып андан кийинки Мухаммед, Кубат бий, Ажы бий, Бүргө баатыр, Алымбек, Курманжан даткалар, Нусуп миң башы сыяктуу элим, жерим деп күрөшкөн чыгаан инсандардын таржымалын элге жеткирүү бүгүнкү күндө илимпоздор, тарыхчы, адабиятчылар-

(Аягы 4-бетте).

# «Камчыбек» катуу таасир калтырды

(Башы 2-бетте)

белгисиз да тарыхый инсандардын жүзүн көрсөтүү, Демек, бизге белтилүү да, тарыхый маалыматтарды ачуу көркөм чыгармаларды жаратуу али алдыда. Даңкы далайга кеткен Курманжанды Курманжандай элге жеткирүүдө А. Шабданова көп жылдык бай тажрыйбасына, театралдык терең билимине таянган. Бирок көбүрөөк образга берилүүдөн уламбы, сүйлөгөн сөздөрү арткы жайларда олтурган көрүүчүлөргө толук угулбай жатты. Ал эми ички драматизм аркылуу айкөл, ары мээрман, кайраткер эненин психологиясы улам чыгып ойногон сайын жарк этип, көрүүчүлөрдү өзүнө тарта алды.

Учурдан пайдаланып Акжол балбандын чыныгы бейнесин Зыядин Жалаловдун аткаруусунда көрө алдык. Актер өзү ролунда белгилегендей «кылычтай өткүр, тоонун шумкарындай кайра тартпас» таза дилдүү, кайрат алтынды байлык катары санабас, зор адамгерчилиги, бирөөгө кылган жакшылыгы менен адамдардын эсинде калаарына ишенген, көзү өтсө да эли анын эмгегин, жөнөкөйлүгүн жана ички дүйнөсүнүн тазалыгын баалларына терең ишенээрин туюп, өзүн бактылуу сезет. Ал өмүрүндө жалтанбайт. Ак жерден камалган Камчыбектин аркасынан губернаторго барып, «бардык ишке күнөөлүүмүн, бардык жазаны мен тартайын» — деген сөзүнүн өзү анын ички дүйнөсүнүн тазалыгын айгинелеп турат. З. Жалаловдун Акжолду алып чыгуудагы аракети текке кетбеген. Ал бүгүнкү оюнда өзүнүн чыгармачылык жактан жетилгендигин зор эргүү менен ойноп, көрүүчүлөрдүн ыраазычылыгына татыды.

Ал эми Кара мерген — Махмуд Рахматов профессионалдык деңгээлде терс образдын жүзүн ашкере ачып койду десек жаңылыппайбыз. Павола Швейковский — Шавкат Дадажанов керек мезгилде куу, арымтайым аристократтык мүнөзү менен жергиликтүү элди теңсинбейт. Ал башка каармандарга окшоп көп сүйлөбөсө да, ички психологиясы аркылуу генералдын ким экендигин терең ачып берди. Бул аты аталган эки артист тең өз ролдорунда көркем өнөрдүн чеберлери экендигин көрүүчүлөргө толук жеткире алышты.

Камчыбек (Бахрамжан Токтоматов) — чыгармадагы негизги каарман. Бардык окуя анын тегерегинде өтөт. Ал көрүүчүлөргө бекзада, көңүлү кирсиз, боорукер, туулуп-өскөн жердин сулуусун» деп ойлоп, акыйкаттыктын курманына барды. Өзү айтмакчы, намыска баш байлады. Мындан ички драматизм, кайгылуу трагедия Камчыбек аркылуу ишке ашып отурат. Б. Токтоматов да бул ролу аркылуу баштагы жылдарга караганда бир топ жетилип бараткандыгын көргөзө алды. Бирок айтып турган бир жагдай — кандайдыр бир чечкиндүүлүк анын ролунда жетишпей жаткандай көрүнөт.

Спектаклдеги тилмеч, Асел айым, Боровков кексе солдаттардын образдары да ийгиликтүү чыккандыгына көрүүчүлөр күбө болдук. Бул жерде котормочунун ийгилигин да белгилей кетүүгө болот. Бирок кошумча каармандардын кийген кийимдери жана жаштары окшошпой калгандай. Анын да себеби бар. Бир чети каражат жетишсиз, атайлап кийимдер тигилбеген, экинчиси жалаң жаштар болуп, айылдын карыялар, абышка, кемпирлер көрүнбөй калган. Спектаклдеги негизги теманы ачып берүүдө театрдын башкы сүрөтчүсү Абибилла Ахметов, режиссер Талант Апыевдер биргелешкен аракеттер менен иш алып барышып, көздөгөн максаттарына көптөн берки чыгармачыл изденүүлөрү аркылуу жетишишкен.

кесүү чыгармасынан улам автордун эртеңки келечеги

Ал эми бүгүнкү түшоо айкын, калеми төшөлүп, тажрыйба алып калганына кубандык. Мындан да терең психологиялуу драмалык чыгармаларды жаратарына ишенимибиз артты. Ылайым жаңы-жаңы чыгармаларды жарата бер деп көрүүчүлөрдүн атынан ак бата берип коелу.

Оюндун бет ачаарында Ош шаардык мамакимчилигинин башчысы А. Тагаев чыгып сүйлөп, артисттерди, авторду жана режиссерду кызуу куттуктады. Жамааттын чыгармачылык жолуна ийгилик каалоо менен жаңы спектаклди жабдууга жана каармандарга кийим тиктирүүгө 10 миң сом каражат бөлө тургандыгын билдирди.

Камчыбектин чөбөреси, мурдаОштогу машина куруу заводунда начальник болуп иштеген Сардарбек Исмаилов театрдын жамаатына терең алкышын айтып, Камчыбектен тараган урпактардын атынан авторго, режиссерго жана артисттерге баалуу белектерди тапшырды.

Сөз кезегинде ОшМУнун окутуучусу, тарых илимдеринин кандидаты Турсунай Өмүрзакова өзүн Камчыбектин урпагымын деп тааныштырып, театр жамаатынын ийгилигин белгиледи. Ал эми театрдын деректири Бактияр Токтоматов бул

ри экендигин көрүүчүлөргө толук жеткире алышты.

Камчыбек (Бахрамжан Токтоматов) — чыгармадагы негизги каарман. Бардык окуя анын тегерегинде өтөт. Ал көрүүчүлөргө бекзада, көңүлү кирсиз, боорукер, туулуп-өскөн жердин сулуулугун терең баалаган баамчыл, зирек инсан. Бирок бардыгынан да намысты ата-эненин ариетин бийик коёт. Аселди айыбы үчүн күнөөлөбөйт. Өз үйүнөн даам сызган падышачылык солдаттардын салтты тепсеп, аялынын чачын кыркып алганына, кордоо-шылдыңдоосуна келише албайт. «Аялын орустарга өлүмгө өзү кармап берди деген сөз болбо

Сөз кезегинде ОшМУнун окутуучусу, тарых илимдеринин кандидаты Турсунай Өмүрзакова өзүн Камчыбектин урпагымын деп тааныштырып, театр жамаатынын ийгилигин белгиледи. Ал эми театрдын деректири Бактияр Токтоматов бул тарыхый драманы Ош облусунун гана эмес, Өзбекстан Республикасынын Анжиян, Наманган, Фергана, Кокон шаарларынын калкына көрсөтүүгө кам көрүшө тургандыгын билдирди.

**Д. ТУРАТОВ,**
**Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер, ОшМУнун доценти, филология илимдеринин кандидаты.**